***Байкучукова Д.М.***
*Абдыкайыр Казакбаев атындагы орто мектептин мугалими*

# ҮЙ-БҮЛӨ – ТАРБИЯНЫН БАШАТЫ ЖАНА ӨЗӨГҮ: АТА-ЭНЕЛЕР ЖАНА КООМЧУЛУК МЕНЕН ЖИГЕРДҮҮ КЫЗМАТТАШУУ

***Байкучукова Д.М.***
*учитель средней школы имени Абдыкаира Казакбаева.*

# СЕМЬЯ – ИСТОК И ОСНОВА ВОСПИТАНИЯ: АКТИВНОЕ ВЗАИМОДЕЙСТВИЕ С РОДИТЕЛЯМИ И ОБЩЕСТВЕННОСТЬЮ

***Baikuchukova D.M.***
*teacher at Abdykair Kazakbaev Secondary School*

# FAMILY – THE SOURCE AND CORE OF UPBRINGING: ACTIVE COOPERATION WITH PARENTS AND THE COMMUNITY

**Аннотация.** Бул макалада үй-бүлөнүн баланы тарбиялоодогу негизги ролу, ата-энелер менен билим берүү мекемелеринин кызматташтыгынын мааниси жана коомчулуктун тарбия процессиндеги орду комплекстүү талдоого алынат. Азыркы глобалдашуу шартында жаш муундарды руханий-адептик баалуулуктардын негизинде тарбиялоо, алардын инсандык сапаттарын өнүктүрүү жана жарандык жоопкерчилигин калыптандыруу маселеси өзгөчө актуалдуулукка ээ болууда. Макалада үй-бүлөнүн балага тийгизген психологиялык-педагогикалык таасири, ата-энелер менен иштөөнүн заманбап формалары жана усулдары, ошондой эле мектеп менен үй-бүлөнүн өнөктөштүгүн өнүктүрүүнүн натыйжалуу жолдору каралат. Улуттук баалуулуктарга таянган тарбиянын өзгөчөлүктөрү жана коомчулуктун тарбиялык мүмкүнчүлүктөрү талданат. Ошондой эле баланын инсан катары калыптанышына таасир этүүчү социалдык факторлор изилденип, билим берүү уюмдарынын, ата-энелердин жана коомчулуктун өз ара аракеттенүүсүн күчөтүү боюнча илимий-практикалык сунуштар берилет. Изилдөөнүн жыйынтыктары тарбиянын сапатын жогорулатууда биргелешкен кызматташуунун маанилүүлүгүн көрсөтөт.
***Түйүндүү сөздөр:*** *үй-бүлө, тарбия, ата-эне, мектеп, коомчулук, кызматташтык, инсан, баалуулук, өнүгүү, билим берүү.*
**Аннотация.** В статье комплексно рассматриваются роль семьи в воспитании ребенка, значение сотрудничества родителей с образовательными организациями и место общественности в воспитательном процессе. В условиях глобализации особую актуальность приобретает проблема духовно-нравственного воспитания подрастающего поколения, развития личностных качеств и формирования гражданской ответственности. В работе анализируются психолого-педагогическое влияние семьи на развитие ребенка, современные формы и методы взаимодействия с родителями, а также эффективные пути укрепления партнерства между семьей и школой. Особое внимание уделяется вопросам воспитания на основе национальных ценностей и использованию воспитательного потенциала общественности. Кроме того, исследуются социальные факторы, влияющие на становление личности ребенка, и предлагаются научно-практические рекомендации по совершенствованию взаимодействия образовательных учреждений, родителей и общества. Результаты исследования подтверждают, что тесное сотрудничество всех участников воспитательного процесса является важным условием повышения качества воспитания и всестороннего развития личности ребенка.
***Ключевые слова:*** *семья, воспитание, родитель, школа, общественность, сотрудничество, личность, ценность, развитие, образование.*
**Abstract.** This article provides a comprehensive analysis of the role of the family in child upbringing, the importance of cooperation between parents and educational institutions, and the contribution of the community to the educational process. In the context of globalization, the spiritual and moral education of the younger generation, the development of personal qualities, and the formation of civic responsibility have become increasingly important. The study examines the psychological and pedagogical influence of the family on child development, modern forms and methods of parent engagement, and effective approaches to strengthening partnerships between families and schools. Particular attention is paid to education based on national values and to the educational potential of community involvement. The article also explores social factors affecting a child’s personal development and offers practical recommendations for improving cooperation among educational institutions, parents, and the community. The findings highlight that active collaboration among all stakeholders is a key factor in improving the quality of education and ensuring the holistic development of children.
**Keywords:** *family, upbringing, parent, school, community, cooperation, personality, value, development, education.*

 DOI:10.34855/elagartuu2026.4-5

*Киришүү.* Кыргыз эли кылымдар бою жаш муундарды тарбиялоого өзгөчө маани берип, аны бирдиктүү система катары карап келген. Элдик педагогикада баланын инсан болуп калыптанышы биринчи кезекте үй-бүлөдөн башталары белгиленет. «Уядан эмнени көрсө, учканда ошону алат» деген элдик накыл сөз үй-бүлөнүн тарбиядагы ордун так чагылдырат [8]. Чындыгында эле бала жарык дүйнөгө келгенден тартып анын аң-сезими, жүрүм-туруму, адеп-ахлактык сапаттары жана дүйнө таанымы үй-бүлөнүн таасири астында калыптанат. Баланын коомго аралашуусу, адамдык касиеттерди өздөштүрүүсү дал ушул чакан очоктон башталат.

Азыркы глобалдашуу доорунда балдарды тарбиялоо маселеси жаңы чакырыктарга туш болууда. Санариптик технологиялардын өнүгүшү, маалымат агымынын көбөйүшү жана коомдук мамилелердин өзгөрүшү жаштардын дүйнө таанымына олуттуу таасир тийгизүүдө. Мындай шартта үй-бүлө, мектеп жана коомчулук биргелешип аракеттенгенде гана сапаттуу тарбия берүү мүмкүнчүлүгү жогорулайт [2]. Ата-энелер гана эмес, бүтүндөй социалдык чөйрө баланын инсандык калыптанышына жоопкерчиликтүү.

Бул макаланын максаты – үй-бүлөнүн тарбиядагы ордун илимий-педагогикалык жактан талдап, ата-энелер жана коомчулук менен жигердүү кызматташуунун маанисин аныктоо болуп саналат.

**Үй-бүлө – инсанды калыптандыруучу негизги чөйрө.** Үй-бүлө – коомдун эң кичине социалдык бирдиги гана эмес, инсанды тарбиялоонун негизги институту болуп эсептелет. Педагогикалык илимде үй-бүлө баланын алгачкы социалдашуу чөйрөсү катары каралат [6]. Бала биринчи жолу үй-бүлөдө сүйлөөгө, баарлашууга, өзүн алып жүрүүгө жана адамдар менен мамиле түзүүгө үйрөнөт. Үй-бүлөдө түзүлгөн моралдык-психологиялык климат баланын келечектеги тагдырын, анын коомдогу ордун аныктайт. Эгер үй-бүлөдө өз ара түшүнүшүү, мээримдүүлүк жана колдоо үстөмдүк кылса, анда бала өмүр бою өзүнө ишенимдүү инсан болуп өсөт.

Окумуштуу В.А.Сухомлинский үй-бүлөнү «адамдын моралдык өнүгүүсүнүн башаты» деп атаган [3]. Чынында эле баланын адамгерчилик сапаттары, эмгекке болгон мамилеси, жоопкерчилиги жана патриоттук сезими үй-бүлөдө түптөлөт. Үй-бүлөлүк тарбиянын системасы бир нече негизги багыттардан турат. Алар бири-бири менен тыгыз байланышта өнүгүп, инсандын ар тараптуу калыптанышын камсыз кылат.

Үй-бүлөлүк тарбиянын негизги багыттарына төмөнкүлөр кирет:
– адеп-ахлактык тарбия (чынчылдык, адилеттүүлүк, адамгерчилик);
– эмгек тарбиясы (өзүн-өзү тейлөө, эмгекти баалоо, мээнеткечтик);
– интеллектуалдык өнүгүү (китепти сүйүү, логикалык ой жүгүртүү);
– эстетикалык тарбия (сулуулукту, маданиятты сезе билүү);
– дене тарбиясы (дени сак жашоо образы, спортко кызыгуу);
– экологиялык маданиятты калыптандыруу (жаратылышты коргоо).

Изилдөөлөр көрсөткөндөй, ата-энелердин тарбиялык маданияты канчалык жогору болсо, баланын мектептеги жетишкендиктери да ошончолук жакшы болот [7]. Үй-бүлөдө билимге өзгөчө маани берилип, ата-энелер өздөрү үлгү көрсөткөн шартта баланын окууга болгон кызыгуусу табигый түрдө ойгонот.

**Ата-энелердин тарбия процессиндеги ролу.** Ата-эне баланын биринчи мугалими, анын жашоодогу эң башкы насаатчысы жана жол көрсөтүүчүсү болуп саналат. Баланын дүйнөгө болгон көз карашынын, адеп-ахлактык баалуулуктарынын, жүрүм-турум маданиятынын жана инсандык сапаттарынын калыптанышы эң оболу үй-бүлөдө башталат. Балдар көбүнчө чоңдордун айткан акыл-насаат сөздөрүнө караганда алардын күнүмдүк жашоодогу жүрүм-турумун, адамдар менен болгон мамилесин, эмгекке болгон көз карашын жана жоопкерчилигин түздөн-түз үлгү катары кабыл алышат. Ошондуктан ата-энелер өздөрүнүн ар бир сөзүнө, аракетине жана жүрүм-турумуна өзгөчө жоопкерчилик менен мамиле кылууга тийиш [4].

Үй-бүлөдөгү жылуу мамиле, өз ара урматтоо, ишеним жана түшүнүшүү баланын эмоционалдык туруктуулугунун жана психологиялык жактан дени сак өнүгүүсүнүн негизги шарттары болуп саналат. Эгерде ата-эне балага жетиштүү көңүл буруп, анын ой-пикирин угуп, ийгиликтерин колдоп, кыйынчылыктарын биргеликте чечүүгө аракеттенсе, анда балада өзүнө болгон ишеним, жоопкерчилик жана өз алдынчалуулук сыяктуу маанилүү сапаттар калыптанат. Тескерисинче, үй-бүлөдөгү кайдыгерлик, түшүнбөстүк же чыр-чатактар баланын мүнөзүнө жана жүрүм-турумуна терс таасирин тийгизиши мүмкүн.

DOI:10.34855/elagartuu2026.4-5
Илимий-педагогикалык жана методикалык журнал

Мындан тышкары, ата-энелер баланын билим алуусуна, бош убактысын туура уюштуруусуна жана социалдык чөйрөдө өз ордун табуусуна көмөк көрсөтүү менен анын ар тараптуу өнүгүшүнө шарт түзүшөт. Заманбап шартта ата-эненин ролу тарбия берүү менен гана чектелбестен, баланын коопсуздугун камсыздоо, маалыматтык маданиятын калыптандыруу жана аны коомдук турмушка даярдоо милдеттерин да камтыйт. Демек, баланын келечектеги инсан болуп калыптанышында ата-энелердин тарбиялык таасири чечүүчү мааниге ээ болуп саналат.

Баланын өнүгүүсүнө таасир этүүчү ата-энелик факторлор:

– эмоционалдык колдоо (баланы уга билүү, анын сезимдерин түшүнүү);
– тартипти туура уюштуруу (эркиндик менен чектөөнүн тең салмактуулугу);
– билим алууга мотивация берүү (ийгиликтерин мактоо, колдоо көрсөтүү);
– позитивдүү баарлашуу (критикадан качып, достук маанайда сүйлөшүү);
– коопсуз чөйрө түзүү (үйдөгү тынчтык жана туруктуулук).

Азыркы учурда ата-энелердин көбү экономикалык шарттарга байланыштуу эмгек миграциясында жүрүшөт. Бул көрүнүш балдардын психологиялык абалына, алардын ички жалгыздык сезимине жана тарбиясына терс таасирин тийгизүүдө. Ата-эненин мээриминен алыс өскөн бала көбүнчө агрессивдүү же коомдон обочолонгон мүнөзгө ээ болуп калышы мүмкүн. Ошондуктан заманбап мектептер мындай үй-бүлөлөр менен иштөөнүн, ата-энелер менен аралыктан байланыш түзүүнүн жаңы натыйжалуу формаларын колдонууга тийиш [6].

**Мектеп жана ата-энелердин өнөктөштүгү.** Билим берүү процессинин ийгилиги мектеп менен ата-энелердин өз ара ишенимдүү кызматташтыгына түздөн-түз байланыштуу. КР "Билим берүү жөнүндө" Мыйзамында ата-энелер билим берүү процессинин тең укуктуу катышуучулары катары көрсөтүлгөн [1]. Мектеп окуучуга илимий негиздеги системалуу билим берсе, үй-бүлө алган билимди бекемдөөгө жана практикалык турмушта туура колдонууга жардам берет. Мектеп менен үй-бүлө бири-бирин айыптабастан, бирдиктүү максатты көздөгөн өнөктөштөр катары аракеттениши керек. Ал үчүн төмөндөгүдөй иштерди алып баруу зарыл:

| № | Иштөө формалары | Көздөгөн негизги максаты |
|---|---|---|
| 1. | Ата-энелер жыйындары | Тарбиялык маселелерди биргелешип талкуулоо |
| 2. | Семинар-тренингдер | Ата-энелердин педагогикалык сабаттуулугун жогорулатуу |
| 3. | Ачык эшик күндөрү | Окуу жана тарбия процесси менен түздөн-түз таанышуу |
| 4. | Үй-бүлөлүк долбоорлор | Бала менен ата-эненин биргелешкен чыгармачылыгы |
| 5. | Ата-энелер университети | Педагогикалык билимдерди системалуу түрдө берүү |

Мындай максаттуу иштердин натыйжасында ата-энелердин мектеп жашоосуна катышуусу күчөп, окуучулардын сабакка болгон кызыгуусу жана жетишкендиктери сезилерлик деңгээлде жакшырат [6].

**Коомчулуктун тарбия берүүдөгү мааниси.** Тарбия берүү ишинде бир гана мектеп жана үй-бүлө эмес, бүтүндөй коомчулуктун ролу өзгөчө мааниге ээ. Коомчулук жаш муундардын социалдык жактан өнүгүүсүнө, алардын айлана-чөйрөнү таануусуна шарт түзөт жана аларды коомдук турмушка активдүү катышууга үйрөтөт [5]. Бала үй-бүлөлүк чөйрөдөн тышкары көчөдө, коомдук жайларда, маданий жана спорттук борборлордо, ошондой эле ар кандай социалдык чөйрөлөрдө башка адамдардын жүрүм-турумун байкоо аркылуу да тарбияланат. Ал айланасындагы адамдардын сүйлөө маданиятын, өз ара мамилесин, коомдук тартипти сактоосун жана адеп-ахлактык жүрүм-турумун үлгү катары кабыл алышы мүмкүн. Ошондуктан жаш муундун тарбиясы үй-бүлөнүн же мектептин гана эмес, жалпы коомдун жоопкерчилиги болуп саналат. Коомдогу ар бир жаран өспүрүмдөрдүн жүрүм-турумуна кайдыгер карабастан, аларга оң үлгү көрсөтүүгө, адептүүлүккө жана жоопкерчиликтүүлүккө үндөөгө аракеттениши зарыл. Анткени баланын инсан катары калыптанышына коомдук чөйрөнүн таасири чоң болуп, анын келечектеги көз караштарынын жана баалуулуктарынын өнүгүшүнө түздөн-түз таасир этет.

Коомчулук менен кызматташуунун негизги багыттары:

– маданий иш-чараларды (театр, музей, көргөзмөлөр) биргелешип өткөрүү;

DOI:10.34855/elagartuu2026.4-5

– спорттук мелдештерди жана сергек жашоо акцияларын уюштуруу;
– кесипке багыт берүү иштерин ишканалар менен биргеликте жүргүзүү;
– кайрымдуулук акциялары жана социалдык маанилүү долбоорлор;
– улуттук баалуулуктарды, тарыхты жайылтуу боюнча иш-чаралар.

Мындай иштер окуучулардын социалдык жоопкерчилигин өнүктүрүп, алардын мамлекетке, элге пайдалуу жарандык позициясын калыптандырат.

**Улуттук баалуулуктарга негизделген үй-бүлөлүк тарбия.** Кыргыз элинин кылымдардан бери келе жаткан үрп-адаттары, каада-салттары жана «Манас» эпосу сыяктуу улуу мурастары жаш муундарды тарбиялоодо чоң курал болуп саналат. Улуу педагог К.Д.Ушинский белгилегендей, тарбия элдин улуттук мүнөзүнө, анын тарыхына негизделгенде гана натыйжалуу болот [5]. Баланы улуттук тамырынан ажыратпай тарбиялоо – бул келечекте анын өз өлкөсүн сүйгөн патриот болушуна негиз салат.

Үй-бүлө аркылуу бала төмөнкүдөй улуттук баалуулуктарды сиңирет:

– Улууну урматтоону, ата-энени кадырлоону жана кичүүнү сыйлоону;
– Мекенди, туулуп өскөн жерди сүйүүнү жана анын тарыхын билүүнү;
– Эмгекти баалоону, адал оокат кылууну жана жоопкерчиликтүү болууну;
– Ынтымакты сактоону, коңшуга, туугандарга сый мамиле жасоону [8].

Улуттук баалуулуктарга негизделген тарбия баланын руханий дүйнөсүн байытып, ааламдашуу доорунда анын өз улуттук өзгөчөлүгүн сактап калуусуна зор жардам берет.

**Заманбап шартта ата-энелер менен иштөөнүн инновациялык формалары.** Бүгүнкү күндө санариптик технологиялар ата-энелер менен байланыш түзүүнүн жаңы, ыкчам мүмкүнчүлүктөрүн ачууда. Азыркы бош эмес, жумуш менен алек болгон ата-энелерди мектепке тез-тез чакыруу мүмкүн эмес. Ошондуктан маалыматтык-коммуникациялык технологияларды тарбия процессине киргизүү зарылчылыгы келип чыкты. Бул мектеп менен үй-бүлөнүн ортосундагы аралыкты жакындатууга шарт түзөт.

Инновациялык жана натыйжалуу формалар:

– WhatsApp топтору жана Telegram каналдары (маалыматты ыкчам жеткирүү);
– Google Forms аркылуу ата-энелер арасында онлайн сурамжылоолорду жүргүзүү;
– Онлайн-конференциялар жана Zoom аркылуу вебинарларды уюштуруу;
– Электрондук күндөлүк системалары аркылуу баланын баасын, тартибин көзөмөлдөө.

Бул заманбап формалар ата-энелердин убактысын үнөмдөө менен бирге, алардын мектеп менен болгон байланышын үзгүлтүксүз камсыз кылууга өбөлгө түзөт.

*Корутунду.* Үй-бүлө – тарбиянын башаты жана алтын өзөгү болуп саналат. Баланын инсандык калыптанышы, анын коомдогу жүрүм-туруму эң биринчи үй-бүлөдөн башталып, мектеп жана коомчулук тарабынан туура багытта улантылат. Азыркы татаал, маалыматтык чакырыктар көп болгон шартта жаш муундарды тарбиялоодо бардык социалдык институттардын биргелешкен, тыгыз аракеттери талап кылынат.

Мектеп, ата-эне жана коомчулук бирдиктүү максатта кызматташкан учурда гана билимдүү, мекенчил, адептүү жана коомго пайдалуу жоопкерчиликтүү инсандарды тарбиялап өстүрүүгө мүмкүн болот. Ошондуктан билим берүү уюмдары ата-энелер менен өнөктөштүктү жаңы инновациялык деңгээлде күчөтүп, коомчулук менен болгон байланыштарды өнүктүрүүгө өзгөчө көңүл буруусу зарыл.

***Адабияттар:***

1. Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамы. – Бишкек, 2023.
2. Кыргыз Республикасынын тарбия концепциясы. – Бишкек, 2021.
3. Сухомлинский В.А. Сердце отдаю детям / В.А. Сухомлинский. – Москва, 1979.
4. Макаренко А.С. Книга для родителей / А.С. Макаренко. – Москва, 1988.
5. Ушинский К.Д. Педагогикалык чыгармалар / К.Д. Ушинский. – Москва, 1988.
6. Жолдошев Ж.Ж. Педагогика / Ж.Ж. Жолдошев. – Бишкек, 2019.
7. Касымова А.К. Үй-бүлөлүк тарбиянын негиздери / А.К. Касымова. – Бишкек, 2020.
8. Кыргыз эл педагогикасы. – Бишкек, 2018.